# Кыялымдагы футболка




Автор: Үмүт Айтбаева

Сүрөтчү: Айжамал Борисова

# Кыялымдагы футболка

Автор: Үмүт Айтбаева
Сүрөтчү: Айжамал Борисова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Кыялымдагы футболка" (кыргыз тилинде), автор Үмүт Айтбаева, сүрөтчү Айжамал Борисова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom




Зарина  өзүнүн аты жазылган футболка белекке алыптыр. Болот дагы эжесиникиндей футболка кийгиси келди. Өз атын футболкага кантип жазса болорун ойлонуп, достору менен сүйлөштү.

– Балдар, мен суроого жооп издеп жатам. Жардам бересиңерби?

– Эмне жөнүндө, кантип? – деп балдар суроолуу карап калышты.

– Кийим-кечелерге кантип сүрөт, жазуу чаптоо жөнүндө маалымат таап, жолун изилдейбиз.

– Кызык, бирок кайсы жерге барабыз? Кайсы жактан издейбиз? Басмаканагабы? – деди Тунук.

– Балдар, силер эң оболу Инновациялык борборго баргыла. Ал жактан көптөгөн суроолорго жооп табасыңар, – деди Зарина эжеси сөзгө кошулуп.


– Ал жакта эмне бар? Инновация деген эмне? – Болот таң кала эжесин карады.

Балдар ата-энелеринен уруксат алып жолго чыгышты. Баары ак футболка кийип алышты.

– Инновация – латын тилинен “novatio” жаңылануу, өзгөрүү дегенди билдирет. Инновациянын жардамы менен ар кайсы тармакты өнүктүрүү үчүн жаңы технологиялар пайдаланылат. Иштин натыйжасын жогорулатуучу ыкмалар колдонулат экен, – деп Азамат википедиядан инновация жөнүндө окуп берди.

– Биз жаңылануугa карай багыт алган борборго бара жатабыз, – дешип балдар толкундана башташты.

Жаш изилдөөчүлөр Инновация борборунун имаратына кирип, башка дүйнөгө келгендей болуп калышты. Китепканасында китептер текчелерде шыпка чейин тирелип турат.





Балдар каттоодон өтүштү.

– Келечектеги новаторлор, биздин борборго кош келдиңер! – деп борбордун кызматкери Бакыт агай тосуп алды.

Агай балдарды ээрчитип, борборду көргөзүп чыкты. Балдар жасаган роботтор, ойлоп табуулар, макеттер, техникалык жабдуулар жаш изилдөөчүлөрдү аябай кызыктырды.

– Атыбыз жазылган футболка кийгибиз келет. Кантип жазса болот? – деп сурап калды Болот.

– Силер издеген аппарат – лазерный принтер, термопресс жана термокагаз.

– Аа-ий, футболканы принтерге салса болобу? – деп Азамат таң кала сурады.

– Жок, процесс башкача болот. Келгиле, чогуу жасайлы. Алгач компьютерге атыңарды жазышыңар керек, – деди Бакыт агай түшүндүрүп.


Компьютерден Adobe Photoshopко ар бири өздөрүнүн аттарын түрдүү шрифттер менен кооздоп, Бакыт агайдын көзөмөлүндө жазып чыгышты.

– Эмки кезек – термокагазда. Өзүңөргө жакканын тандап алгыла, – деди Бакыт агай.

– Термокагаз сагыздан чыккан чаптагычтарга окшоштугу бар го, – деп Болот салыштырып жатты.

– Жөнөкөй кагазга окшош, бирок үстүңкү катмарындагы желими өтө жука болорун Тунук термокагаздын нускамасынан окуй койду.

Балдар термокагазды принтерге салып, компьютерден буйрук беришти. Бир нече мүнөттөн кийин жазуулар даяр болду.





– Акыркы этап термопресс, ал ысык болот. Колуңарга силикон мээлей кийип алгыла. Коопсуздук эрежелерин сактайлы, – деди Бакыт агай олуттуу.

Азамат термопресстин капкагын ачып, Тунук футболканы жайгаштырды. Болот термокагазды футболканын үстүнө кылдаттык менен коюп чыкты. Акырында термопрессти басып, күтүп турушту.


– Кана, анда “Сыйкырдуу эшик ачыл!” – деп термопресстен футболканы алып чыгышты. Бир аз муздаган соң, кагаздын үстүңкү катмарын сыйрып алышты.

– Укмуш! Менин кыялымдагыдай болду, – деп Болот абдан сүйүндү.

Балдар кезеги менен өздөрүнүн футболкаларына аттарын бастырып чыгышты. Натыйжасы күткөндөн да кызыктуу болду.

Балдар, силер да бизге окшоп футболкаңарга атыңарды жаздыргыңар келеби?

Силер да жаңы заманбап технологиялар менен таанышып, каалаган эксперименттерди жүргүзүп көрсөңөр болот.



USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Үмүт Айтбаева

Сүрөтчү: Айжамал Борисова



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору

Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- **4.1 деңгээли**
- 4.2 деңгээли